КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
БЕШ-ТАШ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ БЕШ-ТАШСКОГО АЙЫЛЬНОГО
АЙМАКА

**ТОКТОМ**
**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2024-жыл 2-июль № 20** **Кызыл-Туу айылы**

**Беш-Таш айыл аймагында бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча комиссиялары тууралуу Типтүү жобону бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин 313-беренесин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 14-апрелиндеги №120-р буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Жазык кодексин, Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексин, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексин, Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексин, Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексин, "Пробация жөнүндө", "Мунапыс берүү негиздери жана аны колдонуу тартиби жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын ишке ашыруу боюнча иш чаралардын планын турмушка ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 8-майындагы №258-токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдын а башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик жөнүндө жобонун 6-пунктунун “б” пунктчасынын экинчи абзацына ылайык, Беш-Таш айылдык кенеши **токтом кылат :**

1.Беш-Таш айыл аймагынын бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча комиссиялары тууралуу Типтүү жобо 1 тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Беш-Таш айыл аймагында бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча комиссия курамы 2 тиркемеге ылайык бекитилсин.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөл кылуу жагы Беш-Таш айыл өкмөтүнүн башчысы Мурат Шамилге жүктөлсүн.

**Төрага** **Сатыбек уулу Максат**